**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ ЖАНА ИННОВАЦИЯНЫН МИНИСТРЛИГИ ИЛИМ-БИЛИМ ӨНДҮРҮШТҮК КОМПЛЕКСИ**
**«Б. ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ» «КОЧКОР-АТА КОЛЛЕДЖИ» МЕКЕМЕСИ**

БЕКИТЕМ
Кочкор-Ата колледжинин
директору т.и.к.
Б.С. Назарбаева ____________
"___" ______________ 2025-ж

# КАКтын КУРАТОРДУК ишти алып баруу жөнүндө ЖОБОСУ

**Кочкор-Ата 2025-ж**

**Жалпы жобо**

Бул жобо КАКтын окуу — тарбия иштерин жургузуу, окуу программалардын негизинде студенттерге дайындала турган кураторлук кызматтарды жөнгө салуу, кураторлорду дайындоону жана алардын милдеттери менен жоопкерчиликтерин ишке ашырууну жөнгө салат. Кураторлук кызматы КАКта эмгектенген, педагогикалык билимге ээ, Кураторлук кызматы студенттердин окуу-тарбия иштерин бир нукка сальш, алардын социалдык жана маданий маселелерин чечүүгө көмөктөшөт. Ошондой эле студенттердин интеллектуалдык, социалдык жана руханий жактан өнүгүп — өсүүшүүнө өбөлгө түзөт.
Куратор дайындоо.

Жыл сайын жаңы окуу жылынын башталышында өзунө 20-25 студентти камтыган ар бир тайпа учун бирден куратор бекитилет. Кураторду тийиштуу директордун орун басарлардын сунушу аркылуу директор дайындайт. Тайпа куратору зарыл болгон учурда гана алмаштырылат.

## 1.КУРАТОРДУК ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Учурда педагогикалык энциклопедияларда окуу жайлардагы тайпалар менен иш жуургузуучу инсанды куратор, насаатчы, тарбиячы, багытгоочу ж.б. терминдер менен атап жатышат. Ал эми куратор термини (латын тилинен - curator, сига __кароолч\') — тигил же бул иштин же процесстин журүшүн көзөмөлдөөчү тушунугун берет, демек, окуу жайдагы тайпа ичиндеги тарбия жана окуу процессинин тең салмактуу жана максатгуу журушун көзөмөлдөөчү бул - куратор. Аны процесстеги студентгердин инсандык калыптануусуна өбөлгө, багыт берүүчү, көпүрө бопуучу инсан деп кабыл алууга болот. Себеби, лекторлор, окутуучулар, сабагын өтүп, журналга баа коюп кете берет. Бирок, студентгердин сабакка келген, келбегенин, кандай окуп жатканлыгын көзөмөлдөп жыйынтык чыгарып туруучу окуу жайдын өкүлү- куратор. Ошондуктан, ал студенттин сабакка катышуусун, жетишуусун жана журум -турумун дайыма көзөмөлгө алыт турат. Ошондой эле студент учун эң башкы нерсе окуу экендигин тушундуруу жана аларды тынымсыз билим алууга багытгоочу инсан.

Студентгердин ата-энеси, туугандары алыста болгондугуна байланыштуу аларды сабакка жана сабактан тышкары аракетгерин байкоого алып көзөмөл жасайт.жана талап коёт. Студентке ата-энесинен кем эмес күйүп-бышат. Тайпадагы студентгердин жашоо шартына ар кандай жагдайларда тайпа менен бирге болот.

Студентгер кураторду тайпанын бир мүчөсү катары кабыл алуусу учун кураторлук жумуш туруктуу аракетги, педагогикалык билим жөндөмдү жана жан- дуйнө тазалыгын талап кылат. Ошентип, куратор болгон педагог башка ишмердүүлүктөр сыяктуу эле куратордун да өзуно тиешелуу кызматын, милдетгерин аткарат.

### 1.1. Куратордун милдеттери:

А)Куратордун маалымат берүүчүлүк милдети.

Анда окуу жайда болгон маалыматты (жаңылыктар, буйруктар, жоболор ж.б.) тайпанын студенттерине өз убагында жеткирип туруу керек.

Б) Куратордун уюштуруучулук милдети.

Тайпанын бардык иш-аракетгерин уюштурат: окуу жайдын иш-чараларына тайпаны катыштыруу, маданий эс алуулар жана тайпада болгон конфликтгерди чечүү жоопкерчилиги да моюнуна жүктөлөт.

В) Куратордун психотерапевттик милдети.

Студентгин көйгөйлөрүн жүрөгү менен кабыл алыт, алардын жан-дуйнө сырларын угуп турууга аракет кылат. Студентги психологиялык жактан көтөрмөлөп,

оптимисттик маанай жаратып, турмушта активдуу жашоого дух берет. Алардын социалдашуусуна көмөк көрсөтөт.

## 1.2.Куратордун кызматы

А) Уюштуруу иштерди жүргүзүү

- окуу жай менен уй-бүлөнүн байланышын камсыз кылуу;
- башка педагогикалык кызматкерлер менен бирге аракеттенүү
- студентгердин арасында турдуу иш чараларды өткөрүү

Б) Коммуникативдүүлүк

- студентгер арасында, студентгер менен окутуучулардын ортосунда инсан аралык мамилеге жетишүүнүн түрүү механизмдерин пайдалануу жана инсан аралык мамилени камсыз калуу;
- тайпада жалпы психологияльж жагымдуу маанай тузуу;
- студентгерде коммуникативдуу сапатгардын калыптанышына көмөк көрсөтүү

В) Анализдеп көрө билүүчүлүк

- студентгердин жеке өзгөчөлүгүн үйрөнүү жана алардын өнүгүүсүнүн динамикасын байкоо;
- тайпанын жана жамааттын абалын жана өнүгүү перспективаларын аныктоо;
- тайпа ичинде социалдык биримдикти түзүүгө багыттарды иштеп чыгуу.

Г) Текшерүүчүлүк

- ар бир студентгин катышуу-жетишуусун көзөмөлдөө;
- студенттин жашоо шартын, жайгашкан жерин көзөмөлдөө;
- социалдык абалынын бирдейлигин камсыздоо максатында бирдиктүү форма боюнча студентгер менен кеңешүү.

Жогоруда көрсөтүлгөн ишмердүүлүктөр куратордун кызматын, анын аткарган милдетгерин белгилуу бир деңгээлде аныктап көрсөтөт жана окуу-тарбия процессии уюштурууда кураторлорго дагы берет. Анткени, окутуу жана тарбиялоо процесси бүгүнкү күндө инсанга багытгалып жана алар ээ боло турган компетенцияларга негизделиши абзел. Эгерде окутуучу кураторлук милдеттерин, кызматгарын так аныктап, студенттердин компетенттуу адис болушуна шарт тузөт жана аларды социалдык биримдигин уюштурууда маанилуу орунду элейт.

Тайпадагы студенттердин социалдык биримдигин ишке ашырууда куратордун иш билгилиги, максаттуу аракеттери, мазмундуу иш-чаралары маанилуу. Ага жетишилген жыйынтыктар куратордун ишмердүүлүгүнүн өзөгүн түзөт.

## 2. КУРАТОРДУК ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨРДҮ ЖҮРГҮЗҮҮ

### Максат жана жыйынтыкка жетүүнү пландаштыруу

Куратордун ишмердүүлүгүн белгилуу бир максатгарга негизделип, жыйынтыкка жетишүүнүн көрсөткүчтөрүн аныктоо зарыл.

Негизинен кураторлук кызматгын натыйжага жетишүүсүндөгү анын көрсөткүчү «жыйынтыктын көрсөткүчү » жана «аракетгин көрсөткүчү» менен бааланып, максатка жетүүнүн абалын чагылдырат.

1. Жыйынтыктын көрсөткүчтөрү - студентгердин өздүк социалдык өнүгүүсү, социалдык биримдиктин абалы, жалпы маданиятгуулук, ишмердүүлүктөрдүн пландуулугу, атуулдук активдүүлүктөрдө тайпанын өнүгүү деңгээли менен чагылдырылып, иш-аракетгерге коюлган критерийлер менен мүнөздөлөт.
2. Аракеттин көрсөткүчтөрү - куратордун кызматы, формасы аркылуу ишке ашкан аракетгерди баалоо менен түшүндүрүлөт. Анда максатка багытталган куратордун аракеттери катары; окуу жай менен үй-бүлөнүн байланышынын камсыздалышы, башка педагогикалык кызматкерлер менен бирге аракеттенүүсү,

студентгердин арасында түрдүү иш-чаралардын өткөрүлүшү, студенттер арасында, студенттер менен окутуучулардын ортосунда инсан аралык мамилеге жетишүүнүн түрдүү механизмдеринин ишке ашуусу, тайпада жалпы психологиялык жагымдуу маанайдын абалы, студентгерде коммуникативдуу сапатгардын өсүүсү, студентгердин жеке өзгөчөлүгүн үйрөнүү жана алардын өнүгүүсунун динамикасын байкоосу, тайпанын, жамаатгын бирдиктуу енугүүсү эсептелет. Максат жана жыйынтыкка жетишүүдө куратордун иш-чараларынын планы иштелип чыгуу керек. Ал план окуу жайдын жоболоруна, коомдун талабына, окутуунун жаңы тенденцияларына жана мамлекеттин саясий-экономикалык абалына, жарандык активдүүлүккө, социалдык биримдүүлүккө, этностор аралык биримдүүлүккө сугарылып, учурдун көйгөйлөрүн чагылдырууга багытталган болушу керек. Ал учун куратор иш-чараларынын планын түзүп жатканда төмөнкү пландуу иштерди эске алат.

А) Пландалып жаткан иш-чара же иштин формасы конкретгуу милдет, максаттарды ишке ашырса;


Б) Дайыма жыйынтыкка карай багытталса;


В) Пландоодо студенттердин керектөөлөрү, каалоолору эске алынса;

Г) Түзүлгөн планда студенттердин, коомдун башка мүчөлөрүнүн, педагогдордун бирдиктуу чыгармачылыгынын жыйынтыгын көрсөтө алса;

Д) Иш-чаралардын планы педагогикалык процесстин турмуш менен байланышын, студентгердин практикалык аракетин ашырууга көмөктөшүп, өлкөдөгү жаштардын турмушунан алынып, саясий-экономикалык, этностор аралык, социалдык биримдиктин көйгөйлөрүн чечүүгө багытгалса.

Ал эми ар бир пландаштырылган иш-чара белгилуу максатгарга багытгалгандыктан, коюлган максатка жетүү учун уюштурулган иш-чаралар иш-аракетгин фактору жана инсандык фактордун бирдиктүү аракеттерине жана багыттарына көз каранды.




2. Куратордун иштөө формасы:

2.1. Ар бир куратор тайпа менен иштөөдө иштөөнүн формаларын эске алыт иш жүргүзүүсү зарыл. Ал эми куратордун иштөө формасы жеке жана тайпалык жамаатгык формада бөлүштүрүлөт. Алар; а) жеке - аңгемелешүү, пикир алышуу, кеп-кенеш беруу; - жеке жардам көрсөтүү; - көйгөйлөрдү студент менен бирге чечүүнү пландаштыруу жана өткөрүү.

Б) Тайпалык жамааттык - өзүн-өзү башкарууну уюштуруу; - активдуу чыгармачыл топтун базасын түзүү; - конкурстарды, концерт-спектаклдерди, жүрүштөрдү жана акцияларды уюштуруу .

## 2.2 Куратордун биринчи иш күнү

Сиз куратор катары биринчи иш күнүнүздө эле студентгер менен жагымдуу маанайда, позитивдуу идеялар, окуялар менен маек куруп, алардын идеалы

болууга аракет кылыңыз. Анткени, качан гана мугалим окуучунун идеалына айланганда анын таасири күчтүүрөөк, сөзү өтүмдүү болот. Ал сиздин тайпаны башкарууга жана багытгоого болгон аракетиңизде жемишин берет. Ал учун максатка жана жыйынтыкка негизделген иштер пландаштырылыш керек.
Мисалы, төмөнкүдөй маалыматтарды эске алсаңыз болот.

- окуу жайдын салтанаттуу жыйынына тайпа менен катышуу;
- тайпанын студенттери менен таанышуу;
- студентгерди окуу жай менен тааныштыруу (тарыхы, традициялары, өзгөгү, окуу жайдын администрдик түзүлушү, студенттерге коюлуучу талаптар ж.б.)

## 2.3. Тайпа активдерин шайлоо

Тайпа активисттери биринчи күндө эмес, сентябрь айы ичинде тандалат. Бул убакытка чейин убактылуу староста иштеп турат. Куратор активисттер эмне иштерди аткарат жана алардын укук милдеттери туурасында тайпанын алдында тааныштырат. Шайлоону куратор же убактылуу болгон староста куратордун катышуусу менен жургузө алат. Шайлоо алдында талапкер жөнүндө маалымат берилип анын колдоосу менен коюлат.
Студент да өз ыраазычылыгы менен шайлоого укуктуу, ошону менен бирге шайланган студенттин иштеген ишинин жыйынтыгы жыл аягында өзгөчө шартга каралат. Эгерде активисттердин ишмердүүлүгү тайпаны канааттандырбаса, кайра кийинки жылы шайлоо жүргузүлөт.

## 2.4. Бул таанышууда төмөнкүлөрдү

- Таанышуу көнүгүүлөрүн пайдалануу;
- маектешууде позитивдүү идеяларды, притча,учкул сөздөрдү колдонуу;
- окуу эки айдын жетишкендиктери, ийгиликтери жөнүндө слайддарды көрсөтүү;
- окуу жайдын студенттик өзүн — өзү башкаруу курамдары борборлору,
- ийримдери коомдук маданий массалык иш чаралары, салттуу кароо сынактары менен тааныштыруу;
- Китепкана менен тааныштыруу.

Тайпа активисттери биринчи күндө эмес, сентябрь айы ичинде тандалат. Бул убакытка чейин убактылуу староста иштеп турат. Куратор активисттер эмне иштерди аткарат жана алардын укук милдеттери туурасында тайпанын алдында тааныштырат. Шайлоону куратор же убактылуу болгон староста куратордун катышуусу менен жүргүзө алат. Шайлоо алдында талапкер жөнүндө маалымат берилип анын колдоосу менен коюлат.
Студент да өз ыраазычылыгы менен шайлоого укуктуу, ошону менен бирге шайланган студенттин иштеген ишинин жыйынтыгы жыл аягында өзгөчө шарма каралат. Эгерде активисттердин ишмердуулугу тайпаны канааттандырбаса, кайра кийинки жылы шайлоо жүргүзүлөт.

Тайпа активдерин шайлоодон алдын аткарылуучу жумуштар:

- жаңы таанышкан тайпа менен жакындан таанышканча убактылуу староста дайындоо; - тайпа активдери үчүн анкета өткөрүү; - тайпа активдерине

кандидаттардын конкреттуу долбоор жазуусун сунуштоо; - кол жазмаларын текшерүү, ж.б.

## 3. КУРАТОРДУК СААТТАРДЫ ӨТҮҮНҮН МЕТОДИКАСЫ

Анкетада
Суроолор:
1. Мектепте активдүү болгон белең?
2. Гул өстүрүүнү жактырасызбы? ж.б.
Планда: тааныштыруу, тайпада иш жүргүзүүнүн план долбоорун презентациялоо жб

Мектепте класстык саат масс жетекчинин өзүнүн классы учун атайын уюштурган, окуучулардын айлана-чөйрөгө болгон мамилесин калыптандыруучу тарбиялык иштин бир формасы болсо, орто окуу жайларда класстык сааттарды куратордук сабактар алмаштырат. Ал эми бул сааттар: агартуучу, багыт алуучу, калыптандыруучу, багыт беруучу кызматтарга ээ.

Куратордук сааттарды өзгөртүүдө атайын чектөөлөр жок.
Бирок, ар бир окуу жайдын окуу процессин ылайык, жумасына бир жолу өтүлүп келет.
Бирок, алгачкы айда жумасына бир нече жолу өтүүгө да болот. Куратордук саатта студенттердин сабакка катышуусу, жетишүүсү боюнча жумалык жыйынтык чыгаруу, артта калган студенттер менен жекече сүйлөшүү, окуудагы маселелерин чечүүгө жардам берүү, тайпадагы күндөлүк маселелер, көйгөйлөр менен жакындан таанышуу, мезгилдин актуалдуу, көйгөйлүү суроолорун талкуулоо. Мисалы; дүйнө өлкөлөрүндөгү, өлкөдөгү, окуу жайдагы жаңылыктар, буйруктар, эрежелер, жоролор менен тааныштыруу сыяктуу тароиялык мааниси бир темалар.

куратордук сааттарды өтүүдө анын тематикасын, мазмунун, методикасын тандоодо катышуучулардын жаш өзгөчөлүгү, тайпадагы коллективдердин онүгүү деңгээли эске алынышы зарыл.

Куратордук сааттарды студенттерди окуу жайдын коомдук иш чараларына активдуу катышуусун көзөмөлдөөгө арноо да маанилүү.

Куратордук сабактарды жемиштүү уюштуруу үчүн тайпага куратор болгон педагог өзүнө куратордун кызматын жана кураторду сааттарды отүүнүн түрдүү формаларын, багыттарын жана түрлөрүн эске алышы керек.

### 3.1. Куратордук сааттарды өтүүдөгү куратордун кызматтары

А) Куратордун агартуучу кызматы - студенттерге окуу программада жок билимди алууга, билимин жогорулатууга кызмат кылат. Бул учурда тайпада талкуу үчүн түрдүү окуялар, кубулуштар объект боло алат.

Ь) Куратордун багыт алуучу кызматы - студенттердин өзун курчап турган дуйнөгө мамилесин калыптандырат. Материалдык, акыл-ой (духовный) баалуулуктарынын иерархиясы иштелип чыгат. Курчап турган дүйнөдөгү болуп жаткан кубулуштарды баалоого жардамдашат.

В) Куратордун багыт берүүчү кызматы - тигил же бул кубулуштарды өзгөртүүнүн жеке тажрыйбасына пайдалана алууга багытталат.

Г) Куратордун калыптандыруучу кызматында - жогорудагы айтылган кызматтарды студенттердин өздөрүнүн жүрүш-турушунда, турмушунда пайдаланууга жумшайт. Өздөрүнүн жекече пикири болот, түрдүү мамиле түзүүгө, сүйлөшүүлөргө үйрөтөт.

## 3.2. Куратордук сабактардын формалары:

-аңгеме (этикалык, нравальж); - талкуу; - кызыктуу инсандар менен жолугушуу; - билимдин түрдүү облустарынан даярдалган викториналар; - диспуттар; - квнлео•.
-интерактивдүү оюндар; - оюн-сахналар; - театрлаштырылган окуялар; - тренингдер ; - окуу конференциялары.

## 3.3. Куратордук сааттардын багыттары:

Нравалык.

Мисалы:

1. Диспут-«Эгер болбой калсачы? анда...» (философиялык ой жүгүртүү)
2 Эссе «Мен эл ичиндемин, эл менин айланамда»
3 Этикалык аңгеме - «Бойго жетүүнү сезүү »
4. Конференция- «Дүйнөдөгү менин миссиям».

Ден соолук.
Интеллект.
Мамиле.
Достук.
Атуулдук.
Үй-бүлө.

## 3.4. Куратордук сааттарды өтүүнүн түрлөрү.

Куратордук сааттарды өтүүнүн үч түрү бар. Биринчи түрүн өткөрүү үчүн кеңири таанып билүү, турмуштук педагогикалык бай тажрыйбалар керектелет.

М: «өзүн-өзү тарбиялоо жөнүндө», «өзүн-өзү билимге өстүрүү деген эмне?», «Эске тутууну кантип өнүктүрүү керек'?», «Адабиятгык же чыгармачылык татым жана мода», «Индивидуалдуулук жана индивидуалдуулук жөнүндө». «Күндөлүк режими» ж.б.

Мындай түрдөгү сабактарды атайын адистерди чакырып, алардын жардамында өтсө болот. М: врач, психолог, юрист жана башка. Андай учурда куратордун милдети - адистердин баяндама жасоосуна жардам көрсөтүү.

Экинчи түрү - окутуучу менен студенттер биргелешкен аракети менен мүнөздөлөт. Алар негизги идеялардын мазмундарын, куратордук сабактардын өтүү усулдарын талкуулашып, окутуучунун жетекчилиги астында студенттер түрдүү фрагменттерди даярдайт. Үчүнчү түрү - студенттердин өз алдынчалуулугу жана активдүүлүгү менен коштолот. Мында куратордук сабактарды өткөрүүдө жоопкерчилик тайпа коллективине жүктөлөт. Мугалим студенттерге идея табууга, чыгармачыл тапшырмаларды түзүүгө гана жардамдашат. Мында студенттер тараптан көп ойлонуулар, фантазиялар жаралышына тарт түзөт. Мындай куратордук сааттардын аягында окутуучу студенттердин »эмгегин баалашы абзел.

## 3.5. Куратордук сааттарды өтүүдөгү куратор эске алуучу жагдайлар.

Окутуучу жогорудагы куратордук сааттардын ормаларын, түрлөрүн пайдаланып өтүүдө төмөнкүлөрдү эске алуусу максаттуу болот.

А) Куратордук саатты өтүүнүн методикасы менен мазмунду байланыштыруу зарылдыгы:

-сабактын мазмунун методикалык жана мазмундук жактан жабдууда студенттердин даярдык деңгээлин, куратордук сабактын мазмунун, максатын эске алып, бири-бири менен айкалыштыруу керек; - студенттердин кызыкчылыктарын, нравалык көз карашын эске алуу; Б) Куратордук саатты өтүүдөгү зарыл шарттар:

-теманы аныктап, максатын коюу; - мазмунга ылайык материалды, көрсөтмө куралдарды, музыкалык жасалганы ж.б. тандоо; - куратордук сабактын план-сценарийин түзүү; - куратордук сабакты өтүүдө алдын ала даярдануу үчүн, студенттерге тапшырмаларды беруу; - куратордук сабакка чакырыла турган конокторду (башка мугалимдерди, ата- энелерди, адистерди ж.б.) аныктоо.

Б) Куратордук сабактарды уюштуруудагы кеңештер:

-куратордук сабактын мазмуну предметгик маалыматтан аны баалоого, жалпы баалоодон кеңири таанууга өтө тургандай түзүлүшү керек; - куратордук сабакта коюлган көйгөйлөрдү талкуулап жатканда, куратор катышуучулардын сөзүнө көңүл коюп, аларга толуктоолорду киргизип, өтө керектуу жагдайларга басым жасатып, алар менен бирге ойлонуп, аларга туура жооп табууга көмөктөшүү максаттуу; - окутуучу студенттердин материалды кабыл алуусунда алардын психологиялык өзгөчөлүгүн эске алуусу керек.;

-Куратордук сабакты берүүнүн эң жетишкен жагы.

Ошол сабакта катышуучулардын бардыгы менен пикир алышып, алардын реакциясы болуп саналат.

-Студенттердин өз ара пикирлешуусу жемиштуу.

Студенттер өздөрү менен тең студенттердин тон окутуучулардын тона караганда тез угушат.

-Бул сабакта көпчүлүк жүрөк өйүгөн маселелерге ниет жана тайпада калектив калыптанат.

-Куратордук сабакта коюлган көйгөйлөрдү талкуулап жатканда, куратор катышуучулардын сөзүнө көңүл коюп, аларга толуктоолорду киргизип, өтө керектүү жагдайларга басым жасатып, алар менен бирге ойлонуп, аларга туура жооп табууга көмөктөшүү максаттуу; - окутуучу алардын көңүл коюусу азайып бара жатканда курч маселелерди көтөрүп, музыкалык тыныгуу жарыялап, керек жерде аракеттин түрүн өзгөртүп туруусу зарыл.

Жобону иштеп чыккандар:

О.К.Эргешова
В.А.Кадыралиева
Н.А.Каримов
З.П.Пазылова
Р.Ж.Кочкорова